Кылым өтсө да, кадыры бөксөрбөй, калк эсинде турган Бала ырчынын ырлары бүгүнкүнүн ыргагы экендиги анык. Акындын насааттары учурдун коомдук жана руханий турмушунун көптөгөн аспектилерин камтыйт.

Адамдын жанын жыргаткан,
Акындын албан ырын бил.

Алар – бүгүнкү замандын жаштары үчүн чоң руханий азык. Бала ырчы кайсы темада ыр жаратпасын нак турмуштун өзүнөн алып, аны ой өнөрканасында ийлеп, иштеп анан окурман журтуна тартуулаган жасалмасыз саптар экени көрүнүп турат. Өнөр, билим, ар кайсы социалдык маселелер тууралуу ырлары бүгүнкү кыргыз коомчулугун, жаштарды тарбиялоодо негизги жол көрсөткүч багыт боло алат.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз адабиятыны тарыхы, Кыргыз эл ырчылары, Бишкек:2012, 5-том, 542-555-бб.
2.Эл ырчылары, Фрунзе:Кыргызстан, 1981, 130-174-бб.
3.Сыдык Алайчиев (Бала ырчы), Фрунзе, 1981
4.Орозова Г.Сыдык Алайчиев.Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы.7 томдук.5-т.Б.:Шам, 2002.-343-344-б.).
5.Сыдык Алайчиев (Бала ырчы), Бишкек: 2003
6.А.Муратов, Сыдык Алайчы уулунун заман жана адам тууралуу көз караштары: педагогикалык аспект, ОшМУнун жарчысы, 2012, №4/1 204-208-бб.
7.https://barometr.kg.bishkek-batyrali-sydykov-80-krgzm-tt.25.10.2019]

---

УДК82131 https://doi.org/10.56122/..v1i2.177

# С. АЛАЙЧЫНЫН АКЫНДЫК ӨНӨРҮ
# ПОЭТИЧЕСКОГО ИСКУССТВА С.АЛАЙЧИ
# S. ALAICHY`S POETIC ART

Көлбаева Гулбара Исабаевна - ОшМПУ Улук окутуучу

**Аннотация**

Бул макалада С.Алайчиевдин эл-жер, мекен, турмуш, махабат, тоолор өңдүү бүтпөс, түгөнбөс санат-насыят, терме, казалдарынан, айтыштарынан, ашыктык, ар түрдүү тематикалык ырларынан чыныгы адамдык сапатты, жөнөкөйлүүлүктү даана байкай алабыз.

Кыргыз адабиятында өзгөчөлөнгөн акын, акындык өнөрү аркылуу улуттук рухту, маданиятты жана адамдык сезимдерди чагылдырган. Анын чыгармачылыгы кыргыз поэзиясындагы социалдык темаларды жана адамзаттык моралдык-этикалык маселелерди терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Чыныгы ойчул акын сөз багат. Сөздүн ордун, ойдун чындыгын таап, айтыш учурунда узун жамактан, төгүлүп айтылган ыр түрмөгүнөн бир илинчек таап, ошол аркылуу ак-кара, жакшы-жаман ылганып, атаандашын каптап, сөзгө жыгуу ырчылыктын салты. Бала ырчынын акындык өнөрүнө токтолдук.

**Түйүндүү сөздөр:** акын, казал, поэзия, тектеш, социалдык, проблема, пафос, классик, санат-насыят, төкмө, дидар, шаан-шөкөт.

**Аннотация**

В данной статье рассматривается творчество С.Алайчиева, в котором через его проповеди, айтыш, (виды национального стихототворного творчества, “айтыш,” является импровизацией) а также стихи о любви, родине, природе и повседневной жизни, можно увидеть истинные человеческие качества и простоту. Будучи выдающимся поэтом кыргызской литературы, Алайчиев через свою поэзию выражает национальный дух, культуру и человеческие чувства. Его творчество позволяет глубже исследовать социальные темы и

вопросы морально-этических норм в кыргызской поэзии. Настоящий мыслитель-поэт ценит силу слова. Найдя истину в мысли и слове, во время айтыша он может найти зацепку в длинной рифме и с её помощью отделить добро от зла, побеждая соперника через силу слова, что является традицией акынов. Также в статье акцентируется внимание на его поэтическом таланте, проявившемся с детства.

**Ключевые слова:** поэт, поэзия, родственный, социальный, проблема, пафос, классика, проповедь, литье, приятное лицо, шик.

**Annotation**

This article explores the works of S. Alaychiev, whose preachment, aitish performances (types of national poetic creativity, “aitysh,” is an improvisation), as well as poems about love, homeland, nature, and everyday life, reveal genuine human qualities and simplicity. As a distinguished poet of Kyrgyz literature, Alaychiev expresses the national spirit, culture, and human emotions through his poetry. His work provides an opportunity for deeper exploration of social themes and moral-ethical issues in Kyrgyz poetry. A true philosopher-poet, he values the power of words. In aitish, he skillfully finds the truth in words and thoughts, uncovering the fine line between good and evil, and using this to outwit his opponent through the strength of his poetry, a tradition of the akyn poets. The article also highlights his poetic talent, which emerged from a young age.

**Keywords:** poet, poetry, kindred, social, problem, pathos, classics, preachment, casting, pleasant face, chic.

Поэзия – бизге белгисиз байыркы замандардан бери жашап келе жаткан сөз искусствосунун күжүрмөн түрү. Адамдар эбактан бери эле сүйүп угуу менен жогору баалап келишсе да, поэзиянын толук түшүнүшсө да, бул искусствонун жашыруун сырын ачуу табышмактай сезилген болчу. Атактуу Аристотелден тартып көптөгөн окумуштуулар ушул темада кылымдардан кылымга поэзиянын жашыруун «сырын ачуу үчүн көп эмгектенишкен». Ошентсе да күн сайын поэзияны анын ичинде лириканы сүйүүчүлөрдүн арымы кеңейип жаткан кези. Поэзияны жаратуучулар акындар. Акындар ырды өзү үчүн жазбай, көп сандаган окурмандарга арнаары белгилүү.

Кыргыздын ырга шыктуулугун, жалаң оозеки речте да куюлуштуруп, сүйлөгөнүн өткөн кылымда эле орус окумуштуусу В. Радлов баса көрсөтүп айткан болуучу. . [ 1; 128-б]

Мына ушул өңүттөн алып караганыбызда С.Алайчиев эл-жер, мекен, турмуш, махабат, тоолор өңдүү бүтпөс, түгөнбөс темаларга кайрылганы бизге белгилүү.

Биз акындын санат-насыят, терме, казалдарынан, айтыштарынан, ашыктык, ар түрдүү тематикалык ырларынан чыныгы адамдык сапатты, жөнөкөйлүүлүктү дана байкай алабыз.

С.Алайчиев акындар поэзиясына өз изин калтырган акын.Залкар ырчылардан таалим-тарбия алып, ырдоонун салтын алардан үйрөнгөн. Ошол учурдагы белгилүү акындардын кыл чайнашып айтыштарын уккан. Акындын ырчылык тагдырын, чыгармачылык жолун залкар акындардан бөлүп кароого болбойт. Ал сабаттуу, нукура төкмө акын. Өзү жашаган өрөөнгө белгилүү болуп, атактуулукка жетип, бирок, чыгармачылыгына көңүл бөлүнбөй, убагында толугу менен жазылып алынбай, эртерээк жарыяланбай калган өкүнүчтүү жагдайлары бар. Алгач акындын чыгармачылыгына көңүл бөлүнүп, чыгармаларын өз оозунан жазып алган фольклорист илимпоз Жаки Таштемиров болгон. Изилдөөчү С.Алайчынын өзүнө жолугуп, өмүр жолуна байланыштуу маалыматтарды, чыгармаларды кагаз бетине түшүрүп,1981-жылы кичинекей жыйнак кылып чыгарып эле калбастан, газета - журналдарга макала жазган. [6; 553-б]

Залкар акындар сыяктуу эле С.Алайчынын бала-чагы да оор күндөргө туш келет. Анткени үч жашында атадан, тогуз жашында энеден ажырап, аталаш бир тууганынын колунда калат. Турмуштун азабынан ар кимге жалданып, ар кимдин малын багып, жан сактап келген. Акындын атасынын бир тууган карындашынын жолдошу Абдибайит деген жездеси Булак-Баштыга алып келип, өзүнүн иниси Калматка малайлыкка берет. Маңдайына жазган Калмат Сыдыктын кийим-кечесин жакшылап карап, эмгек акысын өз убугында берип турган. Калмат Садыкты биринчи жолу Курбанбай дегендин тоюна алып барып ырдатат. Он алты жаштагы

Садык ошол тойдо ата-энеден ажырап, ага менен жеңенин көзүн карап, көрүнгөндүн малын багып, жарытылуу акы албай, өлбөстүн күнүн көргөн балалыгын ырдап өтөт. Баланын ырын угуп отурган белгилүү ырчы Ботобай ошол эле күнү кечинде Сыдыкты жездесинен сурап, жылына кырк сом төлөмөк болуп алып кетет. Мына ушул окуядан кийин Сыдыктын тагдырында чоң бурулуш болот. Бир жагынан тоюнуп, кийинип, кызмат акысын алып тыңып калат. Ошону менен бирге таланттуу ырчынын шакирти болуу менен ырчылык өнөрдүн чоң мектебине аралашат. Акынидын өзүнөн жазылгын бардык мааламаттарда чыгармачылык шыгынын өсүшүнө Ботобай ырчынын ар тараптуу жардамы чоң болгон. Алгач жолу айтышка Аравандын болушу Мансуркулдун тоюнда чыгат. Бул тойго ырчылар Ботобай, Арзымат, Ташмат, комузчу Абыл, кыякчы Саабан жана башка жыйырмадан ашуун өнөрпоздор катышып, кезек Сыдыкка келгенде той ээсинин мартабасын, тойдун салтанатын айтып, андан ары ошол тойго келген Курманжан датканын баласы Маамытбекке өзүн тааныштыра өтөт. Баланын ырын Маамытбек жактырып, той ээси кымкап тон жабат. Мындай мамиле жаш ырчыны элге таанытып, ырчылар арасында аброю көтөрүлө түшөт. Ошондон кийин С.Алайчы “Бала ырчы” аталып, аш -тойлордо ырдап, учурдун улуу акыны Ботобай менен жыйырма бир жыл бирге жүрөт.

Өз доорунда ошол учурда түштүк кыргыздары өзбектер менен чектеш, кошуна жашап, дини бир, тектеш эки элдин даңазалуу той-аштары эки жактын элдик өнөрпоздорунун катышуусу менен өтүп турган анда ар түрдүү тематикада мелдеш жүрүп, талант мындан өткөн. Айтор, төкмө акындын тубаса таланты өз мезгилиндеги поэзия сүйүүчүлөрдүн купулуна толду. Ошол учурдун агымында акындын ар бир ырын жазып алууга мүмкүнчүлүк жок болуп, канчалаган чыгармалары көмүскөдө унутулуп калды. Аш-тойлордо ырдаган Сыдык Алайчиевдин андан аркы арышы да улам бийиктен жана берди. Мисалы: 1913-жылы коңшу элдердин даңазалуу тойлору, аштары эл арасынан чыккан элдик кошокчулар, ырчылар, комузчу, кыякчылардын катышуусунда өтүп, мына ошол шаан-шөкөттү көркүнө чыгаргандардын катарында Сыдыктын Ботобай ырчы менен тамаша иретинде айтышын мисалга алсак: Ботобай ырчы шакиртинин тазына тийишип, чымчып ырдайт:

Мен боломун жакшылар,
Карып калшан чал ырчы.
Жанымдагы отурган –
Жаңыдан чыккан бала ырчы,
Жакжандаган кал ырчы.
Түзүгүрөөк ыры жок,
Алып көрсөң допусун,
Чокусунда жүнү жок.

Бала ырчы да сөздүн куйкумун таап, устатынын ырына жооп кайтарат:

Ээрчитип жүрүп, Ботобай,
Тынчытпадың башымды,
Тыткылап жүрүп, жок кылдың

Төбөмдөгү чачымды, [ 2; 24-б] - деп бир топ куйкум сөздөр менен чымчып ырдайт. Ар бир сөздү чукугандай таап ырдаган Сыдык элдин купулуна толуп, той ээси тарабынан көрсөтүлгөн сый-урматын баалап, ыр менен жооп берген.

Бала ырчыга устат катары Боронбай ырчы акындык насаттарын айтып өз доорунун залкар ырчылары Т.Сатылганов, Б.Алыкуловдорго жолуктурган. Бала ырчы Т.Сатылгановдун акындыгын, акылынын тунуктугун,улуулугун, жаш ырчыларга көңүл буруп, акыл-насаатын айткан сергектигин баалайт. Ал эми Барпы акын менен таанышып аны менен айтышка түшүп жаш балалыкка салып, курчтугун билдирип, Барпыны көпчүлүктүн алдыда тартынбай айтышка түшөт. Ошондо классик акын Барпы бала жаш да, өз учуруна келгенде күчтүү акын чыгат деп баа берет. Бирок бала ырчы Барпы менен айтышканын олдоксон айттым, аңкоолук кылсам айыпка салбаңыз деп Барпыдан кечирим сурайт. Ошол айтыштабала ырчы жеңишке ээ болот. Кийин өзүнчө барып Барпы акын менен дидарлаштым. Бири-бирбизиди кечириштик деп эскерет. . [ 3; 55-б]

Акындар бири-бирин жеңип, жеңиле да билип, сөздөрү кылычтай өткүр, таразанын ташындай так, мухиттей терең, булактай таза болгон.Ошол табигат берген көкүрөгүнүн тунуктугу менен эл эмгегинен өтүп, кадырына эгедер болуп, далай мезгил өтсө да эсинде сактап калганы ошондон. С.Алайчынын өмүр, өлүм жакшылык, жамандык, аруулук сыяктуу жалпы адамзаттык проблемаларга арналган санат-насыят, терме ырларынын тарбиялык, дүйнө таануучулук мааниси чоң. . [ 2; 112-б]

Сыдык Алайчиев – кыргыз адабиятында өзгөчөлөнгөн акын, акындык өнөрү аркылуу улуттук рухту, маданиятты жана адамдык сезимдерди чагылдырган. Анын чыгармачылыгы кыргыз поэзиясындагы социалдык темаларды жана адамзаттык моралдык-этикалык маселелерди терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Чыныгы ойчул акын сөз багат. Сөздүн ордун, ойдун чындыгын таап, айтыш учурунда узун жамактан, төгүлүп айтылган ыр түрмөгүнөн бир илинчек таап, ошол аркылуу ак-кара, жакшы-жаман ылганып, атаандашын каптап, сөзгө жыгуу-ырчылыктын салты. Мындай кызыктуу айтыштар угуучунун кулагынын кужурун кандырып, ошол салтанатты шаңга бөлөйт. Ырчы-калктын жарчысы.

Акындын сүйүү темасына арналган ырлары, термелери туурасында белгилүү адабиятчы ф.и.д. Б.Алымов “Акындын ашыктык ырларындагы арзып сүйгөн селкиси “”көзү кара, бети ак, мойну алача, жайма көкүл, кылыгы кыйма, жазып тайып кеп айтсаң жамалы жайнап, муңайым сөздүү, будурма көйнөк, бурма бел, кабыргасын ийилткен, каламдай кашын чийилткен” кирди кол менен кармагыс бир асылзат деп мүнүздөмө берген. . [ 6; 564-б]

Ырлары поэтикалык жактан жогору көркөмдүктө жаралганын акындык тажрыйбасы көрсөтүп турат.

Айтор, акындын лирикалык ырлары ар түрдүү тематикага бай. Ар түркүн темаларга кайрылып, сөздүн кудуреттүү күчү менен башкалардан бөтөнчө ырдап өттү десек болот. Акындын өмүр, өлүм, жакшылык, жамандык, аруулук сыяктуу жалпы адамзаттык проблемаларга арналган санат, терме, насаат ж.б. ырларында тарбиялык, дүйнө таануучулук мааниси зор күчтө жазылгандыгы дааналыгында. [ 6; 550-б]

Жыйынтыктап айтканда Бала ырчынын өз учурунда ири төкмө улуу акын экендигин ар түрдүү мазмундагы, тематикадагы ырларды жаратып, түштүк аймагына белгилүү кыраан ырчы катары таанылган сыймыктуу өз орду бар экендиги менен кыргыз поэзиясынын тарыхында калды десек жаңылышпайбыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акындар чыгырмачылыгынын тарыхынын очерктери. Фрунзе-1988
2. А.Сыдыков “Бүтпөгөн дастан” Бишкек 1990
3. “Эл ырчылары” жыйнагы. Түзгөн: С.Кайыпов., Фрунзе, “Кыргызстан” – 1981.
4. Г.Орозова., “Сыдык Алайчиев (Бала ырчы).,”
5. Б.Сыдыков “Өмүр дастаны”., Б – 2015.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы 5-том